№ 9 Буйруктун көчүрмөсү

09.09.2022-жыл

Ж.Бөкөнбаев атындагы № 15 жалпы орто билим берүүчү мектеби

“Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик тили жөнүндө”

“Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик тили жөнүндө” мыйзамынын кабыл алынгандыгынын 33 жылдыгына карата мамлекеттик тилдин бир айлыгы боюнча иш — чараларынын негизинде Ала-Бука райондук билим берүү бөлүмүнүн 09-сентябрь 2022жылдын №0208/359 буйругунун негизинде

Буйрук кылам:

1.Мектепте Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик тили жөнүндө» бир жылдык иш- план түзүлсүн.(тиркемеге ылайык)

2."Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө”мыйзамынын кабыл алынгандыгынын 33 жылдыгына карата мамлекеттик тилдин бир айлыгы боюнча иш —чаралар өткөрүлсүн.(тиркемеге ылайык)

3.Өткөрүлгөн иш-чара боюнча маалымат ар бир айдын аягында Ала-Бука райондук билим берүү бөлүмүнүн алдындагы окуу-методикалык кабинетине жөнөтүлсүн.

4.Буйруктун аткарылышына жооптуу болуп класстан тышкаркы иштерди уюштуруу боюнча директордун орун басары М.Сmановага милдеттендирилсин.

Мектеп директору: А.Н.Жоробекова

Бекитемин:

Мектеп директору: ________ А.Н. Жоробекова

"____" сентябрь 2022-жыл

Ала-Бука райондук билим берүү бөлүмүнүн 2022-жылдын 9-сентябрындагы №0208/359 буйругун аткаруу, Мамлекеттик тил мыйзамынын ишке ашырылышы жана Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик тил статусун алганынын 33 жылдыгына карата бир айлык жарыялоо боюнча Жоомарт Бөкөнбаев атындагы №15 жалпы орто билим берүүчү мектебинде түзүлгөн

## Иш-чара

| № | Аткарылуучу иштин мазмуну | Өтүүлүчү мөөнөтү | Кимдер жооптуу |
|---|---|---|---|
| 1 | "Тилим менен улутмун. Тилим менен улукмун" деген темада 1-4 класстары арасында таймаш өткөрүү. Таймаштын темалары:<br>1. Жомоктор(1-класстары арасында көргөзмөлүү жжасалгалары менен өткөрүү)<br>2. Табышмактар(2-класстары арасында көргөзмөөлүү жасалгалары менен өткөрү)<br>3. Макал-лакаптар(3-класс арасында көргөзмөлүү жасалгалары менен өткөрүү)<br>4. Жаңылмачтар(4-класстар арасында көргөзмөлүү жасалгалары менен өткөрүү) | 19-21 сентябрь | 1-4 класстардын класс жетекчилери |
| 2 | "Эне тилим-эне сүтүм" деген темада 5-9-класстар арасында сүрөт, буклет, дубал гезиттер конкурсу | 19-сентябрь | Көркөм өнөр технология мугалимдери |
| 3 | "Эне тилим – эне сүтүм" деген темада иш-чара өткөрүү | 20-сентябрь | Кыргыз тили жана адабияты мугалими Арипбаева Н. |
| 4 | "Ар бир тил - өз эли үчүн улуу" деген темада 8-11класстар арасында семинар-трейнинг өткөрүү | 21-сентябрь | Орус тили жана чет тили мугалимдери |
| 5 | "Ар бир тил - өз эли үчүн улуу" деген темада 8-11класстар арасында семинар-трейнинг өткөрүү | 22-сентябрь | Кыргыз тили жана адабияты мугалими Абдырахман кызы Элнура, Тухтобаева М |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **6** | “Эне тилим-эне сүтүм” деген темада иш-чара өткөрүү (6-11 класстар арасында) | 23-сентябрь | Кыргыз тил жана адабияты мугалимдери Батырбекова Н., Курманбай кызы О. |
| **7** | 1-11-класстарда “Эне тилим-эне сүтүм” деген темада тарбиялык сааттарды өтүү | 14-23 – сентябрга чейин | Класс жетекчилер |
| **8** | “Кыргыз тилин кандай билесиз?” деген темада сабатту жазуу алуу | 27-сентябрь | Мамлекеттик тил комиссиясы |
| **9** | Мамлекеттик тилди, улуттук дөөлөттөрдү даңктаган тегерек стол өткөрүү | 29-сентябрь | Аялдар кеңешмесинин төрайымы Долимова М |
| **10** | Кыргыз акын жазуучуларынын портреттеринин көргөзмөсүн уюштуруу | 3-октябрь | 1-11 класс жетекчилери |
| **11** | “Тил биримдик тиреги” китеп көргөзмөсүн уюштуруу | Жыл бою | Китепканачы |
| **12** | Мамлекеттик тил боюнча өткөрүлгөн иш-чаранын жыйынтыгын чыгаруу. Ала-Бука райондук билим берүү бөлүмүнө маалымат тапшыруу. | Ар бир иш чара өтүлгөндө | Администрация |

Мамлекеттик тил комиссиясынын төрайымы: Курманбай кызы Окила

"26" сентябрь 2022-жыл
№ 01/31 – 115

Достук айылы

Райондук билим берүү бөлүмүнө

Жоомарт Бөкөнбаев атындагы №15 жалпы орто билим берүүчү мектебинин Мамлекеттик тилдин 33жылдыгына карата өткөрүлгөн аткарылган иштер боюнча

МААЛЫМАТ

1. Ала-Бука райондук билим берүү бөлүмүнүн 2022-жылдын 6-сентябрындагы №163/2 жана 2022-жылдын 9-сентябрындагы №0208/359 буйруктарын аткаруу боюнча жумалык жана айлык иш чаралар иштелип чыкты.
2. Мамлекеттик тилди даңазалоо максатында бир айлык жарияланып, ар бир усулдук бирикмеге иш-чара бөлүнүп берилди. Мугалимдер арасында "Сабаттуу жазуу" акциясы өткөрүлдү. Алынган жат жазууну текшерилип, жыйынтыгын чыгарылып, папкага салынды.
3. "Тилим менен улутмун, тилим менен улукмун" деген темада 1-4класстар арасында таймаш өткөрүлдү.
4. "Жомоктор" деген темада 1-класстар арасында көргөзмөлүү жасалгалары менен иш-чара өткөрүлдү.
5. "Табышмактар" деген темада 2-класстар арасында көргөзмөлүү жасалгалары менен өткөрүштү.
6. "Макал-лакаптар" деген темада 3-класстар арасында иш-чара өткөрүштү.
7. "Жаңылмачтар" деген темада 4-класстар арасында көргөзмөлүү жасалгалары менен өткөрүштү.
8. "Эне тилим-эне сүтүм" деген темада 5-9-класстар арасында сүрөт, буклет, дубал гезиттер конкурсу болуп, мыкты жасалган мгектерден бурчтар жасалгаланды.
9. "Ар бир тил - өз эли үчүн улуу" деген темада 21-сентябрда гуманитардык усулук бирикмеде жана так жана табигый усулдук бирикмесинин мугалимдери тарабынан иш чара болуп өттү. Мында активдүү катышкан 10-б классынын окуучусу Файзуллаева Зулфизар, 8-а класс окуучусу Ахралжанов Тимур, 8-б класс окуучусу Кочкоралиева Адеми, 9-в класс окуучусу Нурридинова Муштарии деген окуучулар кызыктыруучу сыйлыктар менен сыйланышты.
10. 23-сентябрь – Мамлекеттик тил күнүнө карата "Эне тилим-эне сүтүм" деген темада кыргыз тили жана адабияты мугалимдери тарабынан чоң иш-чара өткөрүлдү. Иш-чаранын өзгөчөлүгү: мында ар бир класстан таланттуу окуучулар ыр жазышып, ырларын көркөм айтип беришти жана эне тилибизге болгон урматтоону бекемдешти.
11. "Мамлекеттик тил" боюнча өткөрүлгөн иш-чаранын жыйынтыгы чыгарылып, Ала-Бука райондук билим берүү бөлүмүнө тапшырылды.

Мамлекеттик тил комиссиясынын төрайымы: ________ Курманбай кызы Окила

БЕКИТЕМ
Мектеп директору: А.Жоробекова
"___" сентябрь 2022-жыл

**№15 Ж.Бөкөнбаев атындагы жалпы орто билим берүүчү мектептин Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик тили жөнүндө" Мыйзамын ишке ашыруу максатында 2022-2023-окуу жылына карата түзүлгөн иш-чаралардын планы**

| № | Аткарылуучу иштин мазмуну | Аткаруу мөөнөтү | Жооптуулар | Күтүлүүчү натыйжа |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик тили жөнүндө" Мыйзамын ишке ашыруу , мектепте мамлекеттик тилди өнүктүрүү максатында иш-чаралардын бир жылдык планын иштеп чыгуу | Август | 1. Мектепжетекчилиги<br>2. Мамл.тил комиссиясынын мүчөлөрү | Иш-чаралардын бир жылдык планы иштелип чыгат, такталат. |
| 2 | Мектептинмамлекеттик тил комиссиясынын жылдык иш-планын тактоо, усулдук кабинеттеринде, залдарда Мамлекеттик тил жөнүндөгү Мыйзамынын, тилге байланыштуу доскалардын болушун камсыз кылуу, иретке келтирүү, аткарууга алуу | Август | 1. Мектеп жетекчилиги<br>2. Мамл.тил комиссиясынын мүчөлөрү | Тил Мыйзамынын болушу камсыз кылынат, тилге байланыштуу доскалар, мамлекеттик тил комиссиясынын жылдык иш-планын иретке келтирилет, аткарууга алынат |
| 3 | Илим жана технология тилин өнүктүрүүгө салым кошуу максатында мектептеги компьютерлерге кыргызча компьютердик программаларды орнотуу менен иш-кагаздарынын мамлекеттик тилде жазылышын камсыз кылуу | Август жана ар дайым | 1. Мектеп жетекчилиги<br>2. Мамл.тил комиссиясынын мүчөлөрү<br>3. Предметтик мугалимдер | Кыргызча компьютердик программаларды орнотуу менен иш-кагаздарынын мамлекеттик тилде жазылышы камсыз кылынат |
| 4 | Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик тили жөнүндө" Мыйзамынын 24-27-беренелеринин, кыргыз тилинин жазуу эрежелеринин талаптарына ылайык мектептеги көрнөк-жарнактардын, жасалгалоо иштеринин мамлекеттик тилде туура жазылышын камсыз кылуу (ондоо иштерин | Август жана ар дайым | 1. Мектеп жетекчилиги<br>2. Мамл.тил комиссиясынын мүчөлөрү<br>3. Предметтик мугалимдер | Мамлекеттик тилде туура жазуу камсыз кылынат, ондоо иштерин жүргүзүлөт |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | жүргүзүү) | | | |
| 5 | Кыргыз тилинин сааттарын бөлүштүрүү, календардык пландарды бекиттирүү, окуу китептерин тактоо | Август | 1. Мектеп жетекчилери<br>2. Мамл.тил комиссиясынын башчылары<br>3. Кыргыз тилчи мугалимдер | Календардык пландар, окуу китептери такталат |
| 6 | Ийримдерди ("Манас таануу", "Кыргыз тилинин жазуу эрежелери", "Сулуу жазуу" ж.б.) жана ийрим жетекчилерин тактоо, иш-пландарын бекиттирүү | Сентябрь | 1. Мектеп жетекчилери<br>2. Мамл.тил комиссиясынын мүчөлөрү<br>3. Кыргыз тилчи мугалимдер | Ийримдер, ийрим жетекчилери такталат |
| 7 | Тарбия концепциясынын негизинде, кыргыз элинин тилдик чеберчилигин даңазалоо, сөз дүйнөсүн байытуу максатында макал-лакаптарды, фразеологизмдерди, какшык-куйкум сөздөрдү, унутулуп бараткан тарбия берүүчү нукура кыргыз сөздөрүн бардык предметтерди окутууда колдонуу жана маани-маңызын окуучуларга терең түшүндүрүү | Ар дайым | 1. Мектеп жетекчилери<br>2. Мамл.тил комиссиясынын мүчөлөрү<br>3. Кыргыз тилчи мугалимдер<br>4. Предметтик мугалимдер | Окуучулардын сөз байлыгы өсөт, тилдик чеберчилиги калыптанат. |
| 8 | Мамлекеттик тилдин 33 жылдыгын салтанаттуу белгилөө, кыргыз тилин даңазалоо максатында "23-сентябрь - Мамлекеттик тил майрамы" темасында ачык сааттарды, класстан тышкаркы иштерди,салтанаттуу иш-чараларды өткөрүү | 23-сентябрга карата жана окуу жыл ичи | 1. Мектеп жетекчилери<br>2. Мамл.тил комиссиясынын мүчөлөрү<br>3. Кыргыз тилчи мугалимдер | 23-сентябрга каратаачык саатар, класстан тышкаркы иштер, салтанаттуу иш-чаралар өткөрүлөт |
| 9 | "Манас"эпосун, эпостогу улуттук баалуулуктарды тереңдетип окутуу, республикалык "Манас таануу" интеллектуалдык конкурсуна команда даярдоо максатында "Манас таануу" ийриминин ишин сапаттуу жүргүзүү | Октябрь-апрель | 1. Мектеп жетекчилери<br>2. Мамл.тил комиссиясынын мүчөлөрү<br>3. "Манас таануу" ийриминин жетекчиси | Эпос тереңдетип окутулат, республикалык "Манас таануу" интеллектуалдык конкурсуна команда даярдалат |
| 10 | Кылмыштуулуктун, зордук-зомбулуктун алдын алуу, мамлекеттик тилди өнүктүрүү, тилдик көйгөйлөрдү жоюу максатында, мамлекеттик тилди даңазалоого багытталган иш-чараларды жыл ичинде уюштуруп туруу (предметтик кече, тематикалык кече, жолугушуу, дебат, конференция жана башкалар) | Иш-пландын негизинде | 1. Мектеп жетекчилери<br>2. Мамл.тил комиссиясынын мүчөлөрү<br>3. Бардык предметтик мугалимдер | Мамлекеттик тилди өнүктүрүүгө бардык предметтик мугалимдер салым кошот |
| 11 | Мектептин педагогикалык кызматкерлеринин | Октябрь | 1. Мамл.тил комиссиясынын | Мугалимдердин |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | сабаттуулугун арттыруу максатында жат жазуу жаздыруу, "Сабаттуу бол" акциясын уюштуруу | | мүчөлөрү | сабаттуулугу артат |
| 12 | Билим берүү стратегиясынын негизинде предметтик олимпиадага, ЖРТга, ПИЗАга окуучуларды даярдоо | Сентябрь-май | 1. Мектеп жетекчилери<br>2. Мамл.тил комиссиясынын мүчөлөрү<br>3. Кыргыз тилчи мугалимдер | Окуучулардын билими бекемделет, бааланат, мыктылар тандалат |
| 13 | Билим берүү стратегиясын ишке ашыруу, окуучулардын билим сапатын жогорулатуу максатында 9-10-11-класстардын предметтик (кыргыз тили предмети) олимпиадасынын мектептик 1-2-3-этабын өткөрүү | Октябрь<br>Ноябрь<br>Декабрь | 1. Мектеп жетекчилери<br>2. Мамл.тил комиссиясынын мүчөлөрү<br>3. Кыргыз тилчи мугалимдер | Окуучулардын билими бекемделет, бааланат, мыктылар тандалат |
| 14 | Билим берүү стратегиясын ишке ашыруу, окуучулардын билим сапатын жогорулатуу максатында 5-8-класстардын предметтик (кыргыз тили предмети) олимпиадасынын мектептик 1-2-3-этабын өткөрүү | Ноябрь<br>Декабрь<br>Февраль | 1. Мектеп жетекчилери<br>2. Мамл.тил комиссиясынын мүчөлөрү<br>3. Кыргыз тилчи мугалимдер | Окуучулардын билими бекемделет, бааланат, мыктылар тандалат |
| 15 | Билим берүү стратегиясын ишке ашыруу, окуучулардын билим сапатын жогорулатуу максатында 3-4-класстардын предметтик (кыргыз тили предмети) олимпиадасынын мектептик 1-2-3-этабын өткөрүү | Декабрь<br>Февраль<br>Апрель | 1. Мектеп жетекчилери<br>2. Мамл.тил комиссиясынын мүчөлөрү<br>3. Кыргыз тилчи мугалимдер | Окуучулардын билими бекемделет, бааланат, мыктылар тандалат |
| 16 | Мектепте мамлекеттик тилди өнүктүрүү максатында ар бейшемби "Бейшемби-кыргыз тили күнүн" үзгүлтүксүз өткөрүү, иштелмелерди папкага жыйноо | Ар жуманын бейшемби күнү | 1. Мектеп жетекчилери<br>2. Мамл.тил комиссиясынын мүчөлөрү<br>3. Кыргыз тилчи мугалимдер | Ар бейшемби "Бейшемби-кыргыз тили күнү" өткөрүлөт, мамлекеттик тилди өркүндөтүүгө салым кошулат |
| 17 | Мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн усул-ыкмалары боюнча семинарларды, максаттуу иш-чараларды системалуу өткөрүп туруу (бардык предметтик мугалимдерге) | Пландын негизинде | 1. Мектеп жетекчилери<br>2. Мамл.тил комиссиясынын мүчөлөрү | Максаттуу семинарлар, иш-чаралар системалуу өткөрүлөт, мугалимдердин билими өсөт |
| 18 | Таланттуу окуучулардын, мугалимдердин ыр, кара сөз түрүндө жазылган ой толгоолорун, эмгектерин топтоо, жыйнак чыгаруу, баалоо | Эмгектери топтолгондо | 1. Мектеп жетекчилери<br>2. Мамл.тил комиссиясынын мүчөлөрү<br>3. Кыргыз тилчи мугалимдер | Окуучулардын, мугалимдердин эмгектери топтолот, жыйнак чыгарылат, бааланат. |
| 19 | Улуу жазуучу Ч. Айтматовдун 93 жылдыгына карата ачык сааттарды, класстан тышкаркы | Декабрь жана окуу жыл ичи | 1. Мектеп жетекчилери<br>2. Мамл.тил комиссиясынын | Ч. Айтматовдун 93 жылдыгына арналган иш- |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | иштерди, салтанаттуу иш-чараларды өткөрүү | | мүчөлөрү<br>3. Кыргыз тилчи мугалимдер | чаралар өткөрүлөт, чыгармаларын окууга багыт берилет |
| 20 | Акын-жазуучулардын китептерин окууга болгон кызыгуусун арттыруу, аң-сезимин өстүрүү максатында “Жан дүйнөңдү китеп менен байыт” темасында жаш өспүрүмдөрдүн жаш өзгөчөлүгүнө жараша интеллектуалдык таймаш, дебат, викториналарды өткөрүү | Пландын негизинде | 1. Мектеп жетекчилери<br>2. Мамл.тил комиссиясынын мүчөлөрү<br>3. Кыргыз тилчи мугалимдер<br>4. китепканачылар менен бирге | Окуучулардын китеп окууга болгон кызыгуусу артат, аң-сезими өсөт |
| 21 | 21-февраль-Дүйнөлүк эне тил күнүнө карата ачык сааттарды, класстан тышкаркы иштерди, салтанаттуу иш-чараларды өткөрүү | Февраль | 1. Мектеп жетекчилери<br>2. Мамл.тил комиссиясынын мүчөлөрү<br>3. Кыргыз тилчи мугалимдер | Окуучулардын аң-сезими өсөт, ынтымакка, достукка тарбияланышат |
| 22 | Мамлекеттик тилди өнүктүрүү, окуучулардын шыгын ойготуу максатында райондук деңгээлде “Жан дүйнө” көркөм окуу конкурсун өткөрүү (аймактык конкурстун темасы “Ден соолук-өмүр булагы”, райондук конкурстун темасы “Тарбия башаты-үй-бүлө” | Февраль-мектепте, март-аймактык, апрель-райондук | 1. Мектеп жетекчилери<br>2. Мамл.тил комиссиясынын мүчөлөрү<br>3. Кыргыз тилчи мугалимдер | Мыкты көркөм окуган окуучулар тандалат, бааланат. |
| 23 | Улуу адамдардын кыргыз тилин даңазалаган цитаталарын, акын-жазуучулардын өз чыгармаларындагы тил маселеси боюнча көтөргөн проблемаларын, тарбиялык жана предметтик сабактарда кеңири талкуулоо | Ар дайым | 1. Мектеп жетекчилери<br>2. Мамл.тил комиссиясынын мүчөлөрү<br>3. Кыргыз тилчи мугалимдер | Тил маселеси боюнча көтөрүлгөн проблемалар талкууланат, тилди өнүтүрүүгө салым кошулат |
| 24 | Бата берүүнүн, өлөңдөрдүн, кошоктордун түрлөрүн, айтуу себептерин, жер-суу аттарынын аталыштарынын маани-маңызын улуу муундардын оозунан кагаз бетине түшүрүү, видеого алуу менен атайын маалымат топтомдорун түзүү, иш-чараларды өткөрүү | Пландын негизинде | 1. Мектеп жетекчилери<br>2. Мамл.тил комиссиясынын мүчөлөрү<br>3. Кыргыз тилчи мугалимдер | Атайын маалымат топтомдору түзүлөт, иш-чаралар, жолугушуулар өткөрүлөт, база түзүлөт |
| 25 | Мамлекеттик тилде, жогорку деңгээлде жазылган макалаларды, жазуу иштерин, иш-чараларды массалык-маалымат каражаттарына жарыялоо | Өз убагында | 1. Мектеп жетекчилери<br>2. Мамл.тил комиссиясынын мүчөлөрү<br>3. Бардык предметтик мугалимдер | Материалдар массалык-маалымат каражаттарына жарыяланат |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 26 | Билим берүүнүн бардык баскычында (улутуна жана жаш өзгөчөлүгүнө карабай) мамлекеттик ишмердүүлүктү тейлей турган кеп маданиятын өнүктүрүүнү биргеликте ишке ашыруу, коомдук жайларда мамлекеттик тилде сүйлөө | Ар дайым | 1. Мектеп жетекчилери<br>2. Мамл.тил комиссиясынын мүчөлөрү<br>3. Бардык предметтик мугалимдер | Мамлекеттик тилде кеп маданиятын өнүктүрүү ишке ашырылат |
| 27 | Мамлекеттик тилди өнүктүрүү максатында жогорку жактардан жөнөтүлгөн кат-буйруктардын, мектептин планындагы иштердин өз убагында аткарылгандыгы жөнүндө маалыматтын өз мезгилинен кечиктирбей РБББга берүү | Ар дайым | 1. Мектеп жетекчилери<br>2. Мамл.тил комиссиясынын мүчөлөрү | Аткаруучулук милдети күчөтүлөт |

Түзгөн: [signature] О. Курманбай кызы